КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I-чакырылышынын IV-кезексиз сессиясынын**
# ТОКТОМУ

2025-жылдын 22-февралы №17 Барскоон айылы

**Кырман участкасына соода-логистикалык борборун уюштурууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 18-беренесине, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Барскоон айыл аймагында калкка кызмат көрсөтүүчү түзүмдүк бөлүмдөрдү ачуу менен кошумча жумушчу орундарын түзүү максатында муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын корутундусунун негизинде Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айыл аймагынын Барскоон айылындагы кырман участкасындагы 1,10 га жер тилкесине Кыргыз Республикасынын Кооперативдер ассоциациясы менен биргеликте соода-логистикалык борбор уюштуруу демилгеси жактырылсын жана макулдук берилсин.
2. Айыл өкмөт башчысы А.Т.Асанбаев токтомго ылайык соода-логистикалык борборду уюштуруу боюнча керектүү иш кагаздарын даярдап, уюштуруу маселелерин чечсин.
3. Токтом айыл аймактын веб-сайтына жарыялансын.
4. Токтомду веб-сайтка жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылар реестрине каттоо кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска